КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
СУЗАК РАЙОНУ
ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ
ЫРЫС АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЗАКСКИЙ РАЙОН
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ АЙМАК
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

*25-июль 2022-жыл. № 12/2* *Жар-Кыштак* айылы.

**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ XII СЕССИЯСЫНЫН**
**ТОКТОМУ (көчүрмө)**

Ырыс айылына спорткомплекс куруу долбоорун каржылоо жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү» Мыйзамын жана «Бюджет» Кодексин жетекчиликке алып, Ырыс айыл аймагынын Ырыс айылындагы Примберди ажы көчөсүнө спорткомплекс куруу долбоорун каржылоо максатында бюджет, финансы жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун токтом долбоорун депутаттар талкуулап, Ырыс айыл кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ырыс айылынын Примберди ажы көчөсүнө спорткомплекс куруу боюнча долбоорду ишке ашыруу максатында 500000 (беш жүз миң) сом акча каражаты жергиликтүү бюджет эсебинен ажыратылып берилсин.

2. Ажыратылган акча каражатын убагында каржылоо Ырыс айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Ж.Халиловко жана айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы В.З.Алимжановко милдеттендирилсин.

3. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып Жалал-Абад областтык Юстиция башкармалыгына Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамынын 28-беренсине ылайык, ченемдик укутук актылардын мамлекеттик реестирине киргизүүгө жиберилсин (жооптуу А.Сатвалдиев).

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл кеңешинин бюджет, финансы жана экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Ш.Кадиркулов.**